# Кыргыз Республикасынын
# Камкордук көрүүчү кеңеши
## жөнүндө жобо

**1. Жалпы жобо**
**2.Камкордук көрүүчү Кеңештин милдеттери жана максаттары.**
**3. Камкордук көрүүчү Кеңештин функциялары.**
**4. Камкордук көрүүчү Кеңешти түзүү тартиби жана анын компетенциялары.**

Бул Камкордук көрүүчү Кеңеш жөнүндөгү жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө " Мыйзамын аткаруу жана Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мындан аркы тең башкаруунун түрүн өркүндөтүү, анын ичинде бюджеттен тышкары каражаттарды тартуу менен ага көзөмөл кылуу максатында иштелип чыкты жана кабыл алынды.

**I. Жалпы жобо.**

1.1 Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарындагы Камкордук көрүүчү Кеңеш (мындан ары Камкордук көрүүчү Кеңеш ) юридикалык макалы жоктугуна карабастан, жалпы билим берүү уюмдарында тең башкаруучу, билим берүү уюмдары белгиленген максаттарга жетүү үчүн көмөк көрсөтүүчү функцияларды ишке ашыруучу, алардын максаттуу колдонулуусун көзөмөлдөөчү орган.

1.2 Демөөрчүлүк жардам – жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык жана окуу базасын колдоо үчүн юридикалык жана жеке тараптардын ыктыярдуу салымы.

1.3 Камкордук көрүүчү Кеңештин мүчөсү кайтарымсыз негизде жалпы билим берүү уюмдарын тең башкарууда ыйгарым укукта иш жүргүзөт.

1.4 Камкордук кеңешинин банктык эсеби – жалпы билим берүү уюмунун эсеби, ага демөөрчүлүк жардамдардан түшкөн каражаттар түшөт. Жалпы билим берүү уюмуна жана анын жамаатына көрсөтүлүүчү ар кандай ыктыярдуу финансылык жардамдар аталган эсеп аркылуу жүргүзүлөт.

**II. Камкордук көрүүчү Кеңештин милдеттери жана максаттары.**

2.1 Камкордук көрүүчү Кеңештин негизги максаты бул- билим берүү уюмунун уставдык функцияларын ишке ашыруу, материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого багытталган уюмдардын жана жеке жарандардын биргелешкен аракеттерин бириктирүү, ошондой эле жалпы билим берүү уюму тарабынан бюджеттен сырткары каражаттарды максаттуу колдонуусун көзөмөлдөө болуп саналат.

2.2 Камкордук көрүүчү кеңештин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

-демөөрчүлүк жардамдарды жана гранттарды максаттуу жана рационалдуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү камсыз кылуу;

-жалпы билим берүү уюмунун материалдык-техникалык жана окуу базасын чыңдоого, жакшыртууга, анын айлана тегерегин жана имаратын көрктөндүрүүгө көмөк көрсөтүү;

-билим берүү процессин ишке ашыруу үчүн шарттарды жакшыртууга, окуучулардын өмүрүн жана ден соолугун коргоого көмөктөшүү

-окуучулардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо;

-жалпы билим берүү уюмунун өнүгүү стратегиясын жана миссиясын аныктоого көмөктөшүү;

4.7. Камкордук көрүүчү Кеңештин катчысы:

-Кеңештин отурумун даярдоону камсыз кылат;

-отурумдун убакты саатын аныктап, Кеңештин мүчөлөрүн чакырат, отурум жүрүп жатканда протокол толтурулат.

-Кеңештин иш-кагаздарын уюштурат жана жүргүзөт жана Кенеш чыгарган чечимдердин аткарылыш мөөнөтүн көзөмөлгө алат.

-Кеңештин төрагасынын жана Кеңештин берген тапшырмаларына ылайык башка функцияларды аткарат.

4.8. Кеңештин мүчөлөрүнүн отурумуна кеңештин мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышса, өткөрүлүүгө мүмкүнчүлүк алат. Отурумга катышкандардын 2/3 кем эмес добушун алган чечим кабыл алынды деп эсептелет. Отурум зарылчылыктын чечиминде 3айда бир жолу төраганын чечими менен өткөрүлөт. Кеңештин чечими Кеңештин компетенциясынын алкагында гана кабыл алынат, протокол түзүлүп, төрага тарабынан кол коюлат.

4.9. Камкордук көрүүчү Кеңештин курамына ылайык билим берүү башкармалыгынын органы өзүнүн өкүлүн үзгүлтүксүз жиберип турат.

4.10. Камкордук көрүүчү Кеңештин шайлоосун жалпы билим берүүчү уюмдун администрациясы (мүдүрү) уюштурат.

4.11. Бир жалпы билим берүүчү уюмда бир камкордук көрүүчү Кеңеш иштейт.

4.12. Жалпы билим берүү уюмундагы бир эле камкордук көрүүчү Кеңештин мүчөсү Кыргыз Республикасынын башка бир экинчи камкордук көрүүчү Кеңешине кайталап мүчө боло албайт.

4.13. Камкордук көрүүчү Кеңештин мүчөсү каалаган учурда Кеңештин курамынан чыгып кетүүгө укуктуу. Иш жүзүндө Кеңештин курамынан чыгып кеткенге чейин ал бир ай мурун төрагага арызын берет.

4.14. Камкордук көрүүчү Кеңештин же анын мүчөсүнүн ишин токтотуу тууралуу чечимди кабыл алуу жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык жана ата-энелердин коомчулугу катышкан чогулуштун компетенциясына тиешелүү.

**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ( №609/1 17-сентябрь 2013-жыл ) буйругу менен бекитилген.**

Чаткал районундагы №46 кесиптик лицейинде камкордук кеңешинин 2024-2025-окуу жылындагы жыйынын

№ 2 ПРОТОКОЛУ

12 .09.2025.-жыл

Катышты-25

Катышпаганы -2

Себетүүсү-1

Себепсизи-0

Күн тартибиндеги каралуучу маселе

1.№46-кесиптик лицейдин камкордук кеңешинин курамын түзүү боюнча.

Угулду :№46 кесиптик лицейдин директору Т,Ботобеков сүйлөп,төмөндөгүлөргө токтолду :№46 кесиптик лицейдин 2024-2025-окуу жылында камкордук кеңештин курамын өзгөргөнү жөнүндө айтып өттү.Алар:

1.Жоошев Мурат-камкордук кеңешинин төрөгасы,райондук ДЭУ-27 нин башчысы.

2.Жакыпбеков Тургун-камкордук кеңешинин мүчөсү,айыл аймагынын адиси

3. Кулиев Ашыркул-камкордук кеңешинин мүчөсү, аксакалдар сотунун төрөгасы .

4.Рысбекова Эркайым-камкордук кеңешинин мүчөсү,НПО,

5.Кубатбеков Тынарбек- камкордук кеңешинин мүчөсү,айылдык /кеңешинин депутаты.

6.Алибеков Турдукул - камкордук кеңешинин мүчөсү,№46 КЛ-устаты.

7.Мейманов Жоодарбек - камкордук кең сешинин мүчөсү,ата-эне комитетинин төрөгасы

Жарыш сөзгө чыкандар:М. Жоошев сүйлөп №46 КЛдин камкордук кеңешинин иш планы түзүлгөн жана жаңы курамдын түзүлүшүн колдоймун.

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап камкордук кеңешинин

жалпы чогулуш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. №46 кесиптик лицейдин камкордук кеңешинин курамы

.Жоошев Мурат-камкордук кеңешинин төрөгасы,райондук ДЭУ-27 нин башчысы.

2.Жакыпбеков Тургун-камкордук кеңешинин мүчөсү,айыл аймагынын адиси

3 .Кулиев Ашыркул-камкордук кеңешинин мүчөсү, аксакалдар сотунун төрөгасы .

4.Рысбекова Эркайым-камкордук кеңешинин мүчөсү,НПО,

5.Кубатбеков Тынарбек- камкордук кеңешинин мүчөсү,айылдык /кеңешинин депутаты.

6.Алимбеков Турдукул - камкордук кеңешинин мүчөсү,№46 КЛ-устаты.

7.Мейманов Жомарт -камкордук кеңешинин мүчөсү,ата-энелер комитетинин төрагасы.

Камкордук кеңешинин төрөгасы: Жоошев М

"Бекитемин"

№46 КЛдин директору __________ Т.Ботобеков

№46 кесиптик лицейдин 2024-2025- окуу жылына карата түзүлгөн камкордук кеңешинин

ИШ ПЛАНЫ

| № | Аталышы | Мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | Камкордук кенешинин иш планын түзүү | | М. Жоошев. |
| 2 | Кесиптик лицейдин өнүгүүсүнө жана ишмердүүлүгүн касыздоо үчүн бюджеттен сырткары каражаттарды тартуу | Жыл ичинде | К. кеңеш. Окуу жай |
| 3 | Конкурстарды,мелдештерди жана башка массалык кесиптиик лицейден тышкары иш чараларды уюштурууга комоктошуу. | Жыл ичинде | К. кеңеш. |
| 4 | Кесиптик лицейдин материалдык-техникалык базасын чыңдоого,имаратын жана айлана тегерегин көрктөндүрүүгө көмөктөшүү | Жыл ичинде | К. кеңеш. №46 КЛ. |
| 5 | Камкордук кенешинин компетенциясына кирген ар кандай суроолорду кароо | Жыл ичинде | К. кеңеш. |

Камкордук кеңешинин төрөгасы: __________ Жоошев М

Чаткал районундагы №46- кесиптик лицейинде камкордук

кенешинин жургузгөн иши боюнча маалымат.

Чаткал районундагы №46- кесиптик лицейинде камкордук кенеши өзүнүн жобосунун негизинде иш жүргүзүп келет.

Окуу жайда камкордук кенешинин курамы төмөндөгүдөй тартипте түзүлгөн:

1. Жоошев Мурат – камкордук кенешинин төрагасы,райондук ДЭУ-27 нин башчысы.
2. Жакыпбеков Тургун – камкордук кенешинин мүчөсү,айыл аймагынын адиси.
3. Кулиев Ашыркул – камкордук кенешинин мүчөсү,аксакалдар сотунун төрагасы.
4. Рысбекова Эркайым – камкордук кенешинин мүчөсү,НПО.
5. Кубатбеков Тынарбек – камкордук кенешинин мүчөсү,а/кенешинин депутаты.
6. Жумабаев Алмаз – камкордук кенешинин мүчөсү,№46-КЛ- устат.
7. Тукушов Иман – камкордук кенешинин мүчөсү,№46-КЛ-мугалим.

Окуу жайдын камкордук кенешинин өздөрүнүн иш планы бар, ошол иш пландын негизинде иш алып барат. Камкордук кенешинин мүчөлөрү окуу жайдын окуу тарбиялык,чарбалык иштерине ар тараптуу көзөмөл жүргүзүү менен бирге өздөрүнүн жардамын көргөзүп турат.Алсак,окуу процессинин жүргүзүлүшүнө,окуу чарбалык иштерине,окуу жайдын бюджетинин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Башталгыч кесиптик билим берүүнүн 80-жылдыгында да чон жардам көргөздү.
Окуу жайдын стратегиялык иш планын талкуулоодо катышып өздөрүнүн алымча кошумчаларын,сын-пикирлерин айтып талкүү жүргүздүк.Негизинен окуу жай камкордук кенеш менен тыгыз байланышта иш жүргүзөт.

№46 КЛдин директору: Т.Ботобеков